

**Аттокуров УрматТологонович**

1968-жылы 11-майда Ош областынын Карасуу районуна караштуу Кашкар-кыштак айыл өкмөтүнүн Жар-Ооз. айылында туулган.

1985-жылы орто мектепти аяктап, 1985-жылы Фрунзе политехникалык институнун Оштогу кечки факультетинин "Айыл чарбасын электр менен камсыздоо" адистигине тапшырып, 1994-жылы Ош жогорку технологиялык колледжинин (ОшТУ) "Жалпы техникалык сабактар-эмгек, черчения, информатика жана эсептөө техникасы" мугалими адистигин ийгиликтүү бүтүргөн. Студенттик мезгилде алдынкы студенттердин катарын толуктаган.

- Алгачкы эмгек жолун Оштогу курулуш монтаждоо ишканасында жумушчу кызматынан баштаган. Ош облустук китеп сатуучу мекемесинде слесарь-электрик, Ош жогорку технологиялык колледжинде окуу мастер болуп иштеген.
- Педагогикалык эмгек жолун 1994-1996-жылдары окутуучу, ага окутуучу,1996-жылдан маалымат технологиялар факультетинин тарбиялык иштер боюнча декандын орун басары.
- 1996-жылдын сентябрь айынан 2000-жылдын февралына чейин ректордун тарбиялык иштер боюнча орун басары.
- 2000-жылы ректордун жардамчысы.
- 2001-жылы Кадрларды кайра даярдоо институтунда "Жалпы билим берүү" кафедрасынын башчысы.
- 2001-2003-жылдары "Кесипке окутуу" кафедрасынын башчысы.
- 2003-2009-жылдары Инженердик педогогика факультеттин деканы.
- 2009-2010- жылдары "Табигый-техникалык" факультетинин деканы.
- 2010-2015-жылдары "Экономика жана инвестиция" боюнча проректор.
- 2015-16-жылдары "Сырткы байланыштар жана инвестиция" боюнча проректор.
- 2016-2022-жылдары "Сырткы байланыштар жана өнүгүү" боюнча проректор.
- 2022-жылдын октябрынан 2023-жылдын 01-мартына чейин Колдонмо илимдер институтунун директору кызматын аркалаган.

Өзүнүн эмгек жолунда кафедра башчы, декан, проректор, институттун директору кызматтарында эмгектенген мезгилдерде кафедранын, факультеттин жана университеттин окуу-усулдук, илимий, материалдык-техникалык базаларын чындоого жана жаңы лабораторияларды түзүүдө, ошондой эле эл аралык байланыштар боюнча жогорку окуу жайлар менен кызматташууда инвестиция тартууда жана иш-чараларды уюштурууда чоң салымын кошкон.

1995-жылы КР Улуттук Илимдер Академисынын аспирантурага тапшырып, 1999-жылы 01.04.05-Оптика адистиги боюнча техника илимдери боюнча кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2006-жылы КР Улуттук Аттестациялык Комиссиясынын чечими менен «Информатика жана башкаруу» адистиги боюнча доценттик наамын алган. ОшТУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен 2008-жылы ОшТУнун профессору. 2015-жылы КР Инженердик Академиясынын мүчө-корреспонденти илимий наамын алган.

56 окуу-усулдук жана илимий эмгектердин автору, анын ичинен 40 макала, тезистер, 1 Кыргыз патенттин күбөлүгү, 14 окуу-усулдук колдонмолор, 1 окуу китеби ж.б.

2003-2005-жылдары ОшТУнун 05.13.13-телекоммуникациялык системалар жана компьютердик тармактар, 05.13.11-ЭЭМ, комплекстер жана компьютердик тармактар үчүн

математикалык жана программалык камсыздоо, 01.04.18-кристаллография, кристалл физикасы адистиктери боюнча диссертациялык кеңештин илимий катчысы болуп иштеген.

КР ББжИ министрлигинин ГАНИС мамлекеттик бюджеттик илимий изилдөө боюнча 2012-жылы "Шаар тармагындагы автотранспорттордун логистикалык көйгөйлөрүн чечүү үчүн контролдоо жана мониторинг системасын түзүү"долбоорунун жоопту кызматкери. 2014-жылы «Географиялык маалыматтык системаларды колдонуу менен Кыргызстандын түштүк аймактары үчүн кыска мөөнөттүү аба-жылы ырайынын гидродинамикалык болжолу» долбоорунун жетекчиси болгон. 2022-жылдан «Жогорку билим берүүнүн улуттук рейтингдик системасынын моделин иштеп чыгуу жана ишке киргизүү» долбоорунун алкагында ЖОЖдордун рейтингдик системаларынын учурдагы абалы боюнча жумушчу топтун курамында иш алып барат.

Информатика жана маалыматтар технологиясы, билим берүү, инновациялык технологиялар багыты боюнча адис.

**Коомдук башталышта**:

- 2003-2005-жылдары ОшТУнун К. 05. 04. 256 диссертациялык кенешинин катчысы.
- 2013-2018-жылдары ОшТУнун Камкорчулук кеңешинин мүчөсү, 2018-жылдан 2022-жылга чейин ОшТУнун Камкорчулук кеңешинин катчысы болгон. 2018-жылдан 2022-жылга чейин Кыргыз-Өзбек университетинин Камкорчулук кеңешинин мүчөсү болгон.
- Ош шаардык кеңешинин, Жогорку Кеңештин жана Президенттик шайлоо комисииядарында Ош шаардык штабында иштеген. 2021-жылы Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы болгон.

**Көп жылдык үзүрлүү эмгектери үчүн жетишкендиктери жана сыйлыктары:**

- ОшТУнун, Ош шаардык Кеңешинин, КР Билим жана илим министирлигинин, КР Өкмөтүнө караштуу байланыш жана мамлекеттик агенттигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ардак Грамоталары жана ОшТУнун "2007-жылдын "Мыкты доценти" диплому менен сыйланган.
- КР билим берүүсүнүн мыктысы төш белгиси, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, КР Коргоо Министрлигинин (20-25–жылдык) юбилейдик медалдары менен сыйланган.
- РФ Урал мамлекеттик экономикалык университетинин билим берүү тармагында эл аралык кызматташуу боюнча медалы менен сыйланган.
- КР Жогорку Кеңешинин жана КР Өкмөтүнүн Ардак Грамоталары менен сыйланган.

**Квалификацисын жогорулатуу тууралуу сертификаттар:**

Республикалык жана эл аралык семинарларга жана конференцияларга катышкандыгы тууралуу сертификаттар:

- КР ББжИМ билим берүү алкагындагы сапаттын гарантия агенттиги (1551/1, 11.17.2015). Билим берүү программаларын жана мекемелерин мамлекеттик жана эл аралык аккредитациялоо агенттиктери-Ednet (14.03.2015), НААР (2018), Эл баасы (17/С33. 01.02. 2018), ААОПО (0972. 27.05.2022), Билим сапаты (28.06.2022).
- Республикалык, регионалдык жана эл аралык конференция-форумдардарга, ошондой эле эл аралык долбоорлорго катышкандыгы тууралу сертификаттар: СФУ-ПИ, ЖОЖдордогу профессордук-окутуучу, кызматкерлердин компетенциясы (01.09-30.10.2007). ТЕМПУС (№077. 23.05.2014,) ЕРАСМУС+ (26.04.2014; 17.06.2016; №02-10906.1507.2017; 28.03.2022; 08.06.2022; 25.01.2023), ПРООН (11.02.2020), GIZ (28.10.2022), КЭР-Конфуций институту (№1396. 0110.2011, №3501. 2013) .

**Эл аралык долбоорлор жана боюнча:**

- 2009-жылы TEMPUS программасы боюнча Ницца-София Антиполюс университетинде курстан өтүп келген (Франциянын Ницца шаары) координатор. 2013-2014-жылдары эл аралык QUADRIGA долбоорунун "Билим берүүнүн квалификацияны жогорулатуу" программасы боюнча Хорог мамлекеттик университетинде (Таджикстандын Хорог шаары), Казахстан мамлекеттик университетинде (Казахстандын Алма-Ата шаары), Казахстандын Улуттук билим берүү академиясында (Казахстандын Астана шаары) квалификациясын жогорулаткан. 2015-жылы эл аралык PROMIS долбоору боюнча " Информатика жана программалоо"

программасынын алкагында академиялык мобилдүүлүк өткөн (Германиянын Берлин шаары). 2017-жылы Ерасмус+программасынын алкагында малымат технологиялары боюнча квалификациясын жогорулаткан (Казахстандын Астана шаары). 2020, 2022, 2023-жылдары Эл аралык Ерасмус+ программасы боюнча “Билим берүү жана илимий изилдөө борборлорун түзүү жана маалымат технологиялар базасы боюнча курстарды иштеп чыгуу” долбоорунун алкагында Испаниянын Сантьяго-де-Компостела университетинде, Узбекистандын Турин политехникалык университетинде, Словениянын Приморс университетинде долбоордун координатору катары квалификацисын жогорулаткан.

- 2022-жылы GIZ программасынын “Борбордук Азиядагы кесиптик билим берүү тармагында аймактык кызматташуу” боюнча семинарларга катышкан (Кыргызстан). 2022-жылы GIS долбоору боюнча PECA программасынын алкагында кооперативдик жогорку билим берүүнүн маселелери боюнча Орто-Азия мамлекеттеринин ЖОЖдорундагы ченемдик укуктук базасын колдонуудагы кооперативдик жогорку билим берүүнүн улуттук концепцияларын (моделдерин) иштеп чыгуу боюнча улуттук жумушчу топтун курамында (Кыргызстан). 2022-жылы GIZ долбоору боюнча PECA программасынын “Колдонмо изилдөөлөр“ фонду тарабынан уюштурулган «Борбордук Азиядагы экономикалык өсүш секторлору үчүн кесиптик билим берүү» маалыматтык семинарынын жана эл аралык конференциясынын катышуучусу - координатор (Узбекистандын Ташкент шаары).

**Эл аралык байланыштар:**

- 1998-жылы билим берүү тармагы боюнча, Сакария университетинде иш сапарында болгон (Турциянын Адапазар шаары).
- 2007, 2008, 2016-жылдары Сибир федералдык университетинде окуу жана илимий иштер боюнча квалификациясын жогорулаткан (Россия Федерациясынын(РФ) Красноярск шаары).
- 2011-жылы билим берүү программасы боюнча Конфуций Институтунда болуп, ОшТУда Конфуций классы ачылган (Кытай эл республикасынын (КЭР) Пекин шаары).
- 2013-жылы берүү программасы боюнча Конфуций Институтунда (КЭРнын Пекин шаары), Чет тилдер университетинин Конфуций Институтунда (КЭРнын Далянь шаары) болгон.
- 2016-жылы билим берүү программасынын алкагында окуу жайлар менен кызматташуу максатында Калинга индустриалдык университетинде иш сапарында болгон (Индиянын Орисса штатынын Бхубанешвар шаары).
- 2016-жылдан РФнын жана Орто-Азия мамлекеттеринин мамлекеттик жана техника-технология багытындагы ЖОЖдору менен билим берүү жана илим тармагында эл аралык кызматташуу жана келишим түзүү боюнча иш сапарында болгон:
- РФнын: Москва -МЭИ, МПИ; Санкт-Петербург-БМТУ “ВОЕНМЕХ”; Ектеренбург-УрФУ, УрМЭУ; Челябинск –ТУрМУ; Красноярск -СФУ,КТУ; Новосибирск -НМУ;
- Таджикстандын: Душанбе -ТМУ,ТТУ; Ходжент-ХПИ, Хорог-ХМУ;
- Өзбекстандын:Ташкент ТМТУ, ТТУ; Самарканд-СМУ; Бухара-БТУ; Фергана-ФерМУ, ФерПИ, ТУИТФ; Андижан- АндМУ, АндМКИ; Наманган-НамМУ, НамИТИ;
- Казахстандын:Алма-Ата -КазМУ, КазТУ; Нур–Султан-ЕврУУ.
- 2018-жылы 14-Жогорку билим берүү Саммитинин FICCI-2018 «Келечектин университеттери» билим берүү программалары боюнча иш сапарына барган (Индиянын Нью-Дели шаары).
- 2018-жылы ШОСтун мамлекеттик мүчөлөрүнүн «Билимге чек жок» XII билим берүү жумалыгына катышкан (Таджикстандын Душанбе шаары).
- 2019-жылы “Америка Кошмо Штатындагы университеттер менен Борбор Азиядагы ЖОЖдорду интернационализациялоо” Эл аралык форумга жана Ташкент мамлекеттик техникалык университетидеги “Инновация-2019” эл аралык конференциясына катышкан (Узбекистандын Ташкент шаары).
- 2020-жылы ПРООН-Кыргызстан программасы боюнча «Кыргыз Республикасындагы санариптик экономикада жаштар үчүн санариптик көндүмдөр жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү» долбоорунун алкагында Бишкек жана Ош шаарларындагы ЖОЖдордогу

билим берүү системасында санариптик көндүмдөрдү кесиптик колдонууну ишке ашыруу боюнча ОшТУдагы координатору.

- 2019-2023- жылдары Урал мамлекеттик экономикалык университетинде өткөрүлгөн IX-XII Евразиялык экономиклык жаштардын форумдарына эксперт катары катышкан (РФнын Екатеринбург шаары).
- 2021-жылы ОшТУнун базасында РФнын жана Кыргызстандын техникалык университеттеринин концорсумунун эл аралык конференциясын өткөрүү боюнча уюштуруу тобунда.
- 2022-жылы октябрда Орто-Азия мамлекеттеринин мамлекеттик жана техника-технология багытындагы ЖОЖдору менен билим берүү жана илим тармагында кызматташуу боюнча эл аралык 1-конференциясынын катышуучусу (Узбекистандын Ташкент шаары).

**Коомдук башталышта**:

2013-2018-жылдары ОшТУнун Камкорчулук кеңешинин мүчөсү, 2018-жылдан 2022-жылга чейин ОшТУнун Камкорчулук кеңешинин катчысы, 2022-жылдан мучосу. 2018-жылдан 2022-жылга чейин Кыргыз-Өзбек университетинин Камкорчулук кеңешинин мүчөсү болгон.

Ош шаардык кеңешинин, Жогорку Кеңештин жана Президенттик шайлоо комисияларында шаардык штабда иштеген. 2021-жылы Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы болгон.

## НЕГИЗГИ ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИ

1. Способ записи наложенных поляризованных голограмм на дисковый накопитель и голографический дисковый накопитель информации. Положительное решение (патент) № 134 от 28.06. 1996 г. №950274.1. (соавтор Жумалиев К.М., Сагынбаев А.А.).
2. Способ записи мультиплексированных голограмм на дисковой носитель. Проблемы и перспективы интеграции образования», международной научно-теоретический конференция (КРСУ). 1998 г. Бишкек. (соавтор Сагынбаев Д.А.)
3. Динамика образования голограмм в фотополимеризующейся среде. «Оптический журнал», Санкт-Петербург, 1998 г., том 65, №4. С- 37.
4. Rekording holograms in photopolymerizind medium OMNI DEX$^R$ 352. Proceedings of the international seminar «Holography and optical informanion processing». Bishkek, 1998, P- 29. (with Jumaliev K.M. Sagymbaev A.A.)
5. Оптические записи информации. Современные проблемы науки, техники и образования. Региональная научно-теоретическая конференция. Известия ОшТУ. 2003 г. 25-26-апреля.
6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында бирдиктүү автоматташтырылган системаларды колдонуу менен башкаруунун эффектуудулугун жогорулатуу// Известия ОшТУ. Ош технологиялык университети. 2012, №1.
7. Жогорку окуу жайларындагы билим берүү сапатын жогорулатууда жаны технологиялардын колдонулушу. Известия ОшТУ. Ош технологиялык университети, 2015, №2.
8. Гидрометрологические наблюдения на примере системы ГИС-МЕТЕО. Известия ОшТУ. Ош технологиялык университети. 2015, №2.
9. Сотрудничество ОшТУ с Европейскими университетами в рамках проекта TEMPUS-PROMIS. Труды VI Международ-ной научно-практической конференции информатизация общества. 2017, г.Астана.
10. Исследование помехи сети Long term evolution (LTE). Научный и информационный журнал. Международный университет инновационных технологий.Наука и инновационные технологии. ISSN: 1694-7762e ISSN: 1694-8114. 2019 (11), №2. С-126. (соавтор Мойдунов.Т.)
11. Состояние и перспективы развития инклюзивного образования в общеобразовательных учреждениях КР. Инновации в образовательном пространстве: Проблемы. Перспективы. Сборник научных статей. РФ, Красноярск, СФУ (соавтор Омурзакова Р.).
12. Анализ наиболее опасных помех, влияющих на работу ретрансляционной радиостанции. SCIENCE AND INNOVATION INTERNATIONAL SCIENTIFIC JOURNAL VOLUME 1 ISSUE6 UIF-2022: 8.2 ISSN: 2181-3337. Science and innovation, - cyberleninka.ru 2022. С- 484 (соавтор ОмороваС. Т.).